1/13

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ**

**КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2024-жылдын 9-декабры, № 748


КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИ
МИНИСТЕРСТВО ЗДРАВООХРАНЕНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
кириш/вход. № ________
на ____ б. тиркеме/л. прилож. ____ б./л.
" " ________ 20 __ ж.г.


**Кыргыз Республикасынын Эл аралык медициналык-санитардык эрежелер боюнча улуттук координатору жөнүндө жобону бекитүү тууралуу**

Кыргыз Республикасынын калкынын санитардык-эпидемиологиялык бейпилдигин уюштуруу жана камсыз кылуу, ошондой эле оорулардын эл аралык жайылышын алдын алуу максатында, "Коомдук саламаттык сактоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесинин 2, 3, 4-пункттарына, 66-беренесине, 73-беренесинин 2-пунктчасына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Эл аралык медициналык-санитардык эрежелер боюнча улуттук координатору жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл департаменти Эл аралык медициналык-санитардык эрежелер боюнча улуттук координатор болуп жана Улуттук координатордун жоопту адамы болуп Кыргыз Республикасынын Башкы мамлекеттик санитардык врачы аныкталсын.

3. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги ушул токтомдон келип чыгуучу чараларды көрсүн.

4. Ушул токтомду ишке ашырууга байланышкан чыгымдар Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине тиешелүү жылдарга бөлүнгөн каражаттардын чегинде жүзөгө ашырылат деп белгиленсин.



**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ**

**КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

от 9 декабря 2024 года № 748

**Об утверждении Положения о Национальном координаторе Кыргызской Республики по Международным медико-санитарным правилам**

В целях организации и обеспечения санитарно-эпидемиологического благополучия населения Кыргызской Республики, а также предотвращения международного распространения болезней, в соответствии с пунктами 2, 3, 4 статьи 8, статьей 66, подпунктом 2 статьи 73 Закона Кыргызской Республики «Об общественном здравоохранении», статьями 13, 17 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Кабинете Министров Кыргызской Республики» Кабинет Министров Кыргызской Республики постановляет:

1. Утвердить Положение о Национальном координаторе Кыргызской Республики по Международным медико-санитарным правилам согласно приложению.

2. Определить Департамент профилактики заболеваний и государственного санитарно-эпидемиологического надзора Министерства здравоохранения Кыргызской Республики Национальным координатором по Международным медико-санитарным правилам и ответственным лицом Национального координатора – Главного государственного санитарного врача Кыргызской Республики.

3. Министерству здравоохранения Кыргызской Республики принять меры, вытекающие из настоящего постановления.

4. Установить, что расходы, связанные с реализацией настоящего постановления, осуществляются в пределах средств выделенных Министерству здравоохранения Кыргызской Республики на соответствующие годы.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

6. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.У. Жапаров**

5. Контроль за исполнением настоящего постановления возложить на управление контроля исполнения решений Президента и Кабинета Министров Администрации Президента Кыргызской Республики.

6. Настоящее постановление вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Председатель**
**Кабинета Министров**
**Кыргызской Республики** **А.У. Жапаров**

Тиркеме

**Кыргыз Республикасынын Эл аралык медициналык-санитардык эрежелер боюнча улуттук координатору жөнүндө жобо**

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Бул Жобо 2005-жылы кабыл алынган Эл аралык медициналык-санитардык эрежелерди (мындан ары – ЭМСЭ) киргизүү боюнча Кыргыз Республикасынын Эл аралык медициналык-санитардык эрежелер боюнча улуттук координаторунун (мындан ары – Улуттук координатор) функцияларын, милдеттерин жана укуктарын аныктайт.

2. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл департаменти Кыргыз Республикасындагы санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө чөйрөсүндөгү жооптуу мамлекеттик орган катары Кыргыз Республикасынын ЭМСЭ боюнча Улуттук координатору болуп саналат, анын жооптуу адамы болуп кызмат орду боюнча «Коомдук саламаттык сактоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесинин 4-пунктуна ылайык Кыргыз Республикасынын Башкы мамлекеттик санитардык врачы эсептелет.

3. Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун (мындан ары – ДСУ) ЭМСЭ боюнча байланыш пункту менен байланышта болуу үчүн ЭМСЭ боюнча Улуттук координатор жумасына 7 күн 24 саат бою жеткиликтүү.

4. Бул Жободо төмөнкүдөй түшүнүктөр колдонулат:

1) Эл аралык медициналык-санитардык эреже – бул 2005-жылдын 23-майында Дүйнөлүк саламаттык сактоо ассамблеясынын элүү сегизинчи сессиясында кабыл алынган жана 2007-жылдын 15-июнунда күчүнө кирген улуттук, региондук жана эл аралык деңгээлде медициналык-санитардык коопсуздукту чыңдоо максатында коомдук саламаттык сактоо жаатындагы глобалдык эрежелерди белгилеген эл аралык-укуктук макулдашуу;

2) эл аралык мааниге ээ болгон коомдук саламаттык сактоо жаатындагы өзгөчө кырдаал – координацияланган эл аралык жооп кайтаруучу чараларды талап кылган, ЭМСЭ тарабынан оорулардын жана коомдук саламаттык сактоо жаатындагы башка тобокелдиктердин эл аралык жайылышынын натыйжасында башка

Приложение

**Положение о Национальном координаторе Кыргызской Республики по Международным медико-санитарным правилам**

## Глава 1. Общие положения

1. Настоящее Положение определяет функции, обязанности и права Национального координатора Кыргызской Республики по Международным медико-санитарным правилам (далее – Национальный координатор) по внедрению Международных медико-санитарных правил, принятых в 2005 году (далее – ММСП).

2. Департамент профилактики заболеваний и государственного санитарно-эпидемиологического надзора Министерства здравоохранения Кыргызской Республики как ответственный государственный орган в сфере санитарно-эпидемиологического надзора в Кыргызской Республике является Национальным координатором Кыргызской Республики по ММСП, ответственным лицом которого по должности согласно 4 пункту статьи 8 Закона «Об общественном здравоохранении» является Главный государственный санитарный врач Кыргызской Республики.

3. Национальный координатор по ММСП доступен 24 часа в сутки, 7 дней в неделю для связи с контактным пунктом Всемирной организации здравоохранения (далее – ВОЗ) по ММСП.

4. В настоящем Положении используются следующие понятия:

1) Международные медико-санитарные правила – это международно-правовое соглашение, устанавливающее глобальные правила в области общественного здравоохранения с целью усиления медико-санитарной безопасности на национальном, региональном и международном уровнях, принятые на пятьдесят восьмой сессии Всемирной ассамблеи здравоохранения 23 мая 2005 года и вступившие в силу 15 июня 2007 года;

2) чрезвычайная ситуация в области общественного здравоохранения, имеющая международное значение, – экстраординарное событие, определяемое ММСП как представляющее риск для здоровья населения в других государствах в результате международного распространения болезней и других рисков в области общественного здравоохранения, требующие скоординированных международных ответных мер;

мамлекеттерде калктын ден соолугу үчүн тобокелдик катары аныкталган өзгөчө окуя;

3) контаминацияланган товар – бул бактериялар, вирустар же алардын токсиндери сыяктуу инфекциялык агенттер менен кокусунан же байкоосуздан булганган товарлар.

## 2-глава. Улуттук координатордун функциялары

5. Улуттук координатор төмөнкү функцияларды аткарат:

1) эл аралык мааниге ээ болгон коомдук саламаттык сактоо жаатындагы өзгөчө кырдаалды түзгөн окуялар жөнүндө ЭМСЭ боюнча ДСУнун Европа региондук бюросунун (мындан ары – ЭМСЭ боюнча ДСУ ЕРБ) ЭМСЭнин байланыш пункту менен үзгүлтүксүз маалымат алмашуу;

2) ЭМСЭнин байланыш пункту менен байланыш системасын тестирлөө жана баалоо жүргүзүү;

3) ЭМСЭнин алкагында өлкөгө эл аралык жардам көрсөтүү максатында эл аралык мааниге ээ болгон коомдук саламаттык сактоо жаатындагы өзгөчө кырдаал катары аныктоо, эл аралык тобокелдиктин олуттуулугуна жана эпидемияга каршы жана алдын алуу иш-чараларынын толуктугуна баа берүү боюнча ДСУ менен кызматташуу;

4) ЭМСЭ боюнча ДСУ ЕРБнын өтүнүчү боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында болуп жатат деп болжолдонгон эл аралык мааниге ээ болгон коомдук саламаттык сактоо жаатындагы өзгөчө кырдаалды түзгөн окуя жөнүндө билдирүүлөрдүн, маалыматтардын же консультациялардын ишенимдүүлүгүн аныктоо;

5) келип түшкөн маалыматтарды жалпылоо, талдоо жана Кыргыз Республикасынын кызыкдар министрликтерине, ведомстволоруна жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына ЭМСЭнин иш-чараларын ишке ашыруу боюнча тиешелүү, ыкчам чараларды көрүү үчүн жөнөтүү;

6) санитардык-эпидемиологиялык контролдоо, көзөмөлдөө жана өзгөчө кырдаалдарга жооп кайтаруу чаралары боюнча улуттук системасынын мүмкүнчүлүктөрүн баалоого катышуу;

7) эл аралык уюмдар, кызыкдар министрликтер, ведомстволор жана саламаттык сактоо уюмдары тарабынан уюштурулган Кыргыз Республикасында ЭМСЭни ишке ашыруу боюнча республикалык, региондук жана эл аралык семинарларга, тегерек столдорго, тренингдерге, кабинеттик жана симуляциялык машыгууларга катышуу;

8) дүйнөдөгү жана Кыргыз Республикасындагы коомдук саламаттык сактоо жаатындагы өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу

3) контаминированный товар – это товар с непреднамеренным или случайным попаданием инфекционных агентов, таких как бактерии, вирусы, или их токсинов.

## Глава 2. Функции Национального координатора

5. Национальный координатор выполняет следующие функции:

1) постоянный обмен информацией с контактным пунктом ММСП Европейского регионального бюро ВОЗ по ММСП (далее – ЕРБ ВОЗ по ММСП) о событиях, которые представляют собой чрезвычайную ситуацию в области общественного здравоохранения, имеющую международное значение;

2) проведение тестирования и оценки системы связи с контактным пунктом по ММСП;

3) сотрудничество с ВОЗ в определении ситуации как чрезвычайной в области общественного здравоохранения, имеющей международное значение, оценки серьезности международного риска и полноты противоэпидемических и профилактических мероприятий с целью оказания стране международной помощи в рамках ММСП;

4) по просьбе ЕРБ ВОЗ по ММСП установление достоверности сообщений, уведомлений или консультаций о событии, предположительно происходящем на территории Кыргызской Республики представляющем собой чрезвычайную ситуацию в области общественного здравоохранения, имеющей международное значение;

5) обобщение поступающей информации, анализ и направление в заинтересованные министерства, ведомства и органы местного самоуправления Кыргызской Республики для принятия соответствующих, оперативных мер по реализации мероприятий ММСП;

6) участие в оценке возможностей национальной системы санитарно-эпидемиологического контроля, надзора и ответных мер на чрезвычайные ситуации;

7) участие в республиканских, региональных и международных семинарах, круглых столах, тренингах, кабинетных и симуляционных учениях по реализации ММСП в Кыргызской Республике, организованные международными организациями, заинтересованными министерствами, ведомствами и организациями здравоохранения;

8) информирование широких слоев населения по вопросам предупреждения и реагирования на чрезвычайные ситуации в области общественного здравоохранения в мире и в Кыргызской Республике;

жана кесепеттерин жоюу маселелери боюнча калктын кеңири катмарына маалымдоо;

9) мезгил-мезгили менен ЭМСЭ боюнча ДСУ ЕРБ менен бирдикте Кыргыз Республикасындагы ЭМСЭнин мүмкүнчүлүктөрүнө биргелешкен тышкы баа берүү.

### 3-глава. Улуттук координатордун милдеттери

6. Улуттук координатор төмөнкү милдеттерди аткарат:

1) ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын – Улуттук координатордун жооптуу бөлүмүнүн байланышуучу адамдарынын маалыматтары жөнүндө ар жылдык отчетторду, жаңылоолорду, билдирүүлөрдү даярдоо жана жөнөтүү;

2) Кыргыз Республикасынын атынан ЭМСЭ боюнча ДСУ ЕРБнын байланыш пунктуна биологиялык, химиялык, радиациялык мүнөздөгү эл аралык мааниге ээ болгон коомдук саламаттык сактоо жаатындагы, ошондой эле тамак-аш коопсуздугу, микробго каршы туруктуулук жаатындагы өзгөчө кырдаалды түзгөн Кыргыз Республикасындагы окуялар жана ушул окуяларга карата жооп кайтаруу үчүн Кыргыз Республикасында көрүлгөн медициналык-санитардык чаралар жөнүндө шашылыш билдирүүлөр тууралуу маалымат жөнөтүү;

3) ЭМСЭ боюнча ДСУ ЕРБга лабораториялык изилдөөлөрдүн натыйжалары, тобокелдик булактары, түрлөрү, оорулардын, өлүмдүн саны, оорулардын жайылышына таасир этүүчү шарттар жана көрүлгөн медициналык-санитардык чаралар боюнча өз убагында жана толук медициналык-санитардык маалымат берүү жана кабарлоо;

4) зарыл учурда болгон кыйынчылыктар жана өзгөчө кырдаалдарга чара көрүү боюнча ДСУнун колдоосу зарылдыгы жөнүндө билдирүү;

5) адам оорулары, инфекцияны алып жүрүүчүлөр же контаминацияланган товарлар импорттолгон/экспорттолгон учурлардын натыйжасында оорунун эл аралык жайылышына алып келиши мүмкүн болгон, Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары жерде аныкталган калктын ден соолугу үчүн тобокелдик жөнүндө маалымат алгандыгы тууралуу ЭМСЭ боюнча ДСУ ЕРБнын байланыш пунктуна 24 сааттын ичинде маалымдоо;

6) Кыргыз Республикасынын аймагында болуп жаткан окуяларга байланыштуу билдирүүдөн же консультациялардан тышкары башка булактардан келген консультацияларды жана билдирүүлөрдү тастыктоолорго карата ЭМСЭ боюнча ДСУ ЕРБдан келген суроо-талаптарга/өтүнүчтөргө жооп берүү. ЭМСЭ боюнча ДСУ ЕРБга 24 сааттын ичинде алгачкы жоопту же тастыктоону берүү;

9) периодическое совместное с ЕРБ ВОЗ по ММСП проведение Совместной внешней оценки возможностей ММСП в Кыргызской Республике.

### Глава 3. Обязанности Национального координатора

6. Национальный координатор исполняет следующие обязанности:

1) подготовка и отправка ежегодных отчетов, обновлений, уведомлений о данных контактных лиц ответственного подразделения уполномоченного государственного органа – Национального координатора;

2) направление информации в контактный пункт ЕРБ ВОЗ по ММСП от имени Кыргызской Республики срочных сообщений о событиях в Кыргызской Республике, представляющих чрезвычайную ситуацию в области общественного здравоохранения, имеющих международное значение биологического, химического, радиационного характера, а также в области пищевой безопасности, антимикробной резистентности и медико-санитарных мерах, принятых в Кыргызской Республике в ответ на эти события;

3) уведомление ЕРБ ВОЗ по ММСП и предоставление своевременной, подробной медико-санитарной информации по результатам лабораторных исследований, источникам, видам риска, числу случаев заболевания, смерти, условиям, влияющим на распространение болезней и принятым медико-санитарным мерам;

4) при необходимости сообщение об имеющихся трудностях и необходимой поддержки ВОЗ в реагировании на чрезвычайные ситуации;

5) информирование контактного пункта ЕРБ ВОЗ по ММСП о получении информации о риске для здоровья населения, выявленном за пределами территории Кыргызской Республики, который может вызвать международное распространение болезни в результате импортированных/экспортированных случаев заболеваний людей, переносчиков инфекций или контаминированных товаров в течение 24 часов;

6) реагирование на запросы/просьбы ЕРБ ВОЗ по ММСП в отношении консультаций и подтверждения сообщений, поступающих из иных источников, помимо уведомления или консультации по поводу событий, происходящих на территории Кыргызской Республики. Предоставление в ЕРБ ВОЗ по ММСП первоначального ответа или его подтверждения в течение 24 часов;

7) обеспечение взаимодействия Операционного центра по чрезвычайным ситуациям в области общественного здравоохранения

7) Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Коомдук саламаттык сактоо жаатындагы өзгөчө кырдаалдар боюнча операциялык борбору менен Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Кризистик кырдаалдарда башкаруу борборунун ортосундагы өз ара аракеттенүүнү камсыз кылуу;

8) Кыргыз Республикасынын министрликтерине жана ведомстволоруна ЭМСЭ боюнча ДСУ ЕРБнын оорулардын эл аралык жайылышын алдын алуу боюнча сунуштамаларын жөнөтүү;

9) Кыргыз Республикасынын жооптуу адамдары, министрликтери, ведомстволору жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен телефон, электрондук почта же «Infodocs» электрондук документ жүгүртүү системасы аркылуу кечиктирилгис байланышты жүзөгө ашыруу.

## 4-глава. Улуттук координатордун укуктары

7. Улуттук координатор төмөнкүдөй укуктарга ээ:

1) ЭМСЭни ишке ашыруунун алкагында медициналык-санитардык чараларды жүзөгө ашырууга жооптуу Кыргыз Республикасынын министрликтеринен, ведомстволорунан жана мамлекеттик бийлик органдарынан коомдук саламаттык сактоо жаатында келип чыккан өзгөчө кырдаалга байланыштуу окуяларды жана тобокелдиктерди талдоо үчүн зарыл болгон маалыматтарды сурап алууга;

2) оорулардын жайылышын алдын алуу боюнча сунуштардын аткарылышына мониторинг жүргүзүүгө жана контролдоого;

3) зарыл болгон учурда оорулардын жайылышын алдын алуу боюнча кечиктирилгис чараларды аткаруу үчүн белгиленген тартипте макулдашуу боюнча башка министрликтердин жана ведомстволордун, ишканалардын жана уюмдардын күчтөрүн жана каражаттарын тартууга;

4) мамлекеттик чек ара аркылуу өткөрүү пункттарында контролду жүзөгө ашыруучу башка кызматтар менен санитардык-карантиндик кызматтын өз ара аракеттенүүсүн координациялоого;

5) мамлекеттик бийлик, башкаруу органдарынан жана чарба жүргүзүүчү субъекттерден алардын компетенциясынын чегинде эпидемияга каршы жана алдын-алуучу иш-чараларды өз убагында жүргүзүүсүн талап кылууга;

6) зарыл болгон учурда саламаттык сактоо чөйрөсүндө түзүлгөн өзгөчө кырдаалды жеңүүдө техникалык жетекчилик жана жардам алуу өтүнүчү менен белгиленген тартипте ДСУга кайрылууга;

Министерство здравоохранения Кыргызской Республики с Центром управления кризисными ситуациями Министерства чрезвычайных ситуаций Кыргызской Республики;

8) направление в министерства и ведомства Кыргызской Республики рекомендаций ЕРБ ВОЗ по ММСП по предотвращению международного распространения заболеваний;

9) осуществление срочных коммуникаций с ответственными лицами, министерствами, ведомствами и органами местного самоуправления Кыргызской Республики через телефон, электронную почту или систему электронного документооборота «Infodocs».

## Глава 4. Права Национального координатора

7. Национальный координатор имеет следующие права:

1) запрашивать от министерств, ведомств и у органов государственной власти Кыргызской Республики ответственных за осуществление медико-санитарных мер в рамках реализации ММСП предоставления информации, необходимой для анализа событий и рисков в связи с возникшей чрезвычайной ситуацией в области общественного здравоохранения;

2) осуществлять мониторинг и контроль за выполнением рекомендаций по предотвращению распространения заболеваний;

3) при необходимости привлекать, по согласованию в установленном порядке, силы и средства других министерств и ведомств, предприятий и организаций для выполнения неотложных мер по предотвращению распространения заболеваний;

4) координировать взаимодействие санитарно-карантинной службы с другими службами, осуществляющими контроль в пунктах пропуска через государственную границу;

5) требовать от органов государственной власти, управления и хозяйствующих субъектов в пределах их компетенций своевременного проведения противоэпидемических и профилактических мероприятий;

6) в необходимых случаях обращаться в установленном порядке в ВОЗ с заявкой о предоставлении технического руководства и помощи в преодолении сложившейся чрезвычайной ситуации в сфере здравоохранения;

7) вносить предложения по совершенствованию работы министерств, ведомств и органов местного самоуправления по реализации ММСП;

8) проводить консультации с ЕРБ ВОЗ по ММСП в отношении событий, возникающих на территории Кыргызской Республики и не требующих уведомления.

7) министрликтердин, ведомстволордун жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ЭМСЭни ишке ашыруу боюнча ишин жакшыртуу боюнча сунуштарды киргизүүгө;

8) Кыргыз Республикасынын аймагында келип чыккан жана кабарлоону талап кылбаган окуяларга карата ЭМСЭ боюнча ДСУ ЕРБ менен консультацияларды өткөрүүгө.

## 5-глава. Кыргыз Республикасына Эл аралык медициналык-санитардык эрежелерди киргизүүнүн алкагында өз компетенциясынын чегинде медициналык-санитардык чараларды ишке ашырууга жоопту министрликтердин жана ведомстволордун тизмеги

8. Өз компетенциясынын чегинде ЭМСЭни ишке ашырууга төмөнкүлөр жоопту болуп саналат:

1) Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министирлиги;
2) Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги;
3) Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлиги;
4) Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги;
5) Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги;
6) Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги;
7) Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги;
8) Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги;
9) Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги;
10) Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги;
11) Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги;
12) Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети;
13) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиги;
14) «Манас эл аралык аэропорту» ААК.

Эскертүү. Коомдук саламаттык сактоо жаатындагы өзгөчө кырдаал катталган учурда жана зарылчылыкка жараша башка министрликтер менен ведомстволор тартылат.

## Глава 5. Перечень министерств и ведомств, ответственных в пределах своих компетенций за осуществление медико-санитарных мер в рамках внедрения Международных медико-санитарных правил в Кыргызской Республике

8. Ответственными в пределах своих компетенций за реализацию ММСП являются:

1) Министерство здравоохранения Кыргызской Республики;
2) Министерство чрезвычайных ситуаций Кыргызской Республики;
3) Министерство обороны Кыргызской Республики;
4) Министерство внутренних дел Кыргызской Республики;
5) Министерство иностранных дел Кыргызской Республики;
6) Министерство финансов Кыргызской Республики;
7) Министерство водных ресурсов, сельского хозяйства и перерабатывающей промышленности Кыргызской Республики;
8) Министерство транспорта и коммуникаций Кыргызской Республики;
9) Министерство экономики и коммерции Кыргызской Республики;
10) Министерство труда, социального обеспечения и миграции Кыргызской Республики;
11) Министерство природных ресурсов, экологии и технического надзора Кыргызской Республики;
12) Государственный комитет национальной безопасности Кыргызской Республики;
13) Государственное агентство по делам государственной службы и местного самоуправления при Кабинете Министров Кыргызской Республики;
14) ОАО Международный аэропорт «Манас».

Примечание. В случае регистрации чрезвычайных ситуаций в области общественного здравоохранения и при необходимости будут вовлечены и другие министерства и ведомства.